**УДК: 94(575.2)**

**ШАМШИЕВА АЛТЫНАЙ**
Кыргыз-Түрк «Манас» университети, Бишкек

**SHAMSHIEVA ALTYNAY**
Kyrgyzstan-Turkish «Manas» University, Bishkek

# КЫРГЫЗСТАНДЫН ТҮНДҮГҮНДӨГҮ СОВЕТ БИЙЛИГИНЕ КАРШЫ КОЗГОЛОҢДОР

Антисоветские выступления на севере Кыргызстана

Anti-Soviet uprisings in the north of Kyrgyzstan

Кыргызстанда Совет бийлиги орногондон кийин саясий, социалдык-экономикалык себептерден улам антисоветтик кыймылдар башталган. Макалада Атуулдук Согуш мезгилинде Кыргызстандын түндүгүндөгү Дмитриевка, Беловодск (Ак-Суу), Түп, Нарын козголоңдорунун себептери жана жыйынтыктары Кыргыз республикасынын архивдеринин материалдары каралат. Теманы ачып берүүдө архив, Кыргыз Республикасынын Улуттук Илимдер Академиясынын кол жазма фондундагы эскерүүлөр жана илимий эмгектер пайдаланылды.

**Урунттуу сөздөр:** совет бийлиги, Кыргызстан, антисоветтик козголоңдор, Дмитриевка, Беловодск(Ак-Суу), Түп, Нарын.

После установления Советской власти в Кыргызстане из-за обострения политических, социально-экономических причин начались антисоветские выступления. В статье рассматриваются причины и исход восстания в Дмитриевке, Беловодске, Тюпе, Нарыне. Для изучения и анализа данной темы использовались архивные материалы, воспоминания участников Гражданской войны, которые хранятся в Рукописьном фонде Академии наук и научные работы.

**Ключевые слова:** Советская власть, Кыргызстан, антисоветские восстания, Дмитриевка, Беловодск(Ак-Суу), Тюп, Нарын.

After the establishment of the Soviet power in Kyrgyzstan, anti-Soviet actions began due to the exacerbation of political. Social and economic reasons. The article discusses the reasons and outcomes of the uprisings in Dmitriyevka, Belovodsk, Tyup, and Naryn. For study and analysis were used archival materials, memories participants in the Civil war and scientific works.

**Keywords:** Soviet power, Kyrgyzstan, anti-Soviet uprisings, Dmitriyevka, Belovodsk, Tyup, Naryn.

Совет бийлигинин орнотулушу менен жеке менчик ээлерине, соодагерлерге, бардар жашаган социалдык катмарларга каршы тап күрөшү башталган. Тап күрөшүнүн натыйжасында социалдык катмарлардын арасында Совет бийлигине каршы нааразычылык күчөгөн. Совет бийлигинин башында турган большевиктер партиясы өз

бийлигин чыңдоо максатында башка партиянын өкүлдөрүн бийликтен четтетишип, куугунтукка ала баштаашкан. Өз кезинде большевиктердин мындай аракети саясий чыңалууну жараткан.

Совет бийлигинин алгачкы жылдарында Кыргызстанда бийлик большевиктер менен солчул революционерлер түзгөн эки партиялык негизде түзүлгөн. Акырындап большевиктер партиясы тарабынан 1918-жылы март айынан баштап солчул-эсерлерди бийликтен сүрүп чыгаруу, куугунтуктоо иш чаралары өткөрүлгөн.[19, с.21] Натыйжада бийликтен ажыраган солчул эсерлер Совет бийлигине каршы күчкө айланып, саясий эркиндигин сактап калуу үчүн күрөшө башташкан. Кыргызстанда саясий, экономикалык, социалдык себептердин натыйжасында Совет бийлигине каршы козголоңдор тутанып, Атуулдук согуш башталган. Кыргызстанда Атуулдук согуш шарттуу түрдө 1918-жылдын экинчи жарымынан баштап 1920-жылга чейин созулган. Кыргызстандын административдик территориясы Атуулдук согуш жылдарында Жети-Суу (Пишпек, Пржевальск, Нарын), Сыр-Дарыя ( Олуя-Ата уездине кирген тоолуу аймактардагы волосттор), Фергана (Кыргызстандын түштүк аймактары жана Кокон уездинин айрым жерлери, Самарканд, Ходжент уездинин айрым бөлүктөрү) областтарын кучагына алган.[1, с.11] Кыргызстанда Атуулдук согуш территориалдык өзгөчөлүктөрүнө байланыштуу Кыргызстандын түштүк аймактарында басмачылык кыймылы, ал эми Кыргызстандын түндүк аймактарында контрреволюциялык кыймылдар менен коштолот.

Кыргызстандын түндүгүндө эң алгач Совет бийлигине каршы козголоң Дмитриевка (азыркы Талас) кыштагында башталган. Кыргызстандын түндүгүндө жайгашкан Дмитриевка волосту Жети-Суу областынын Олуя-Ата уездине кирген. Дмитриевка кыштагында Совет бийлигине каршы козголоң 1918-жылы 29-августта тутанган. Козголоңду Дмитриевка  кыштагынын кулактары, эсерлер Ефрем, Коханов, Максим Чала, Антон Шмариков, Супкиндер, Витневский, Чомаров, Красоц, Берестенев, Фивейский ж.б жетектешкен.[2, с.230] Совет бийлигине каршы козголоңдун чыгышына Олуя-Ата уездиндеги жалпы абал таасир тийгизген. Уездде жана жалпы Казакстандын аймагындагы азык-түлүктүн жетишсиздиги ачарчылыктын жайылышына өбөлгө болгон. Мындай абалдан чыгуу үчүн Совет бийлиги буудайга туруктуу баа коюшкан жана элдерден нанды реквизициялоо иш чарасын жүргүзүшкөн. Мындай иш-чаралар аша чабууучулук менен коштолгон. Дыйкандардан акыркы үрөндүк запастардын тартылып алынышы айдоо аянттарынын кыскарышына алып келген. Совет бийлиги оор кырдаалдан чыгуу үчүн байларды, кулактарды кысымга алган. Олуя-Ата уездине Кызыл-Армияны азык-түлүк жана кийим-кечек менен камсыз кылуу милдеттендирилгендиктен бул саясатка каршы элдин нааразычылыгы күчөгөн. 1918-жылы жаз айларында Дмитриевка кыштагынын тургундары Совет бийлигине каршы ачык эле үгүттөп, Кызыл Армия өкүлдөрүн ур токмокко алышкан. Мындан тышкары Жети-Суу фронтуна аттарды жөнөтүүдөн баш тартышкан. [2, с.230] 1918-жылы 27-майда Олуя-Ата уездинин Аткаруу Комитети Түркстан АССР нин Эл Комиссарлар Советине Дмитриевкага отряд жөнөтүлүшүн суранган.[18, с.24] 1918-жылы 19-июнда Ташкенттен Мураев жетекчилигинде отряд Олуя-Ата уездине келген. Мураев Дмитриевкага өзүнүн делегаттарын жөнөтүп, Дмитриевканын тургундарына 1918-жылдын 23-июль айына чейин 300 ат, 300000 рубль акча жана нанды контрибуция катары төлөө милдетин койгон. Мураев отряды менен Жети-Суу фронтуна кеткен. Дмитриевка кыштагынын тургундары абалдан пайдаланып контрибуцияны

төлөөдөн баш тартышкан. 1918-жылы 24-августта Романенко отряды менен Дмитриевкага жөнөтүлгөн. Романенконун отряды Дмитриевкага жакын 4 км аралыкта курал- жарактары менен жайгашып, өзүнүн өкүлдөрүн кыштакка жөнөткөн. Бирок, Дмитриевка тараптан ок атылган. 1918-жылы 31-августта козголоң тууралуу Олуя-Атага кабар берилген. Олуя-Атадан куралдуу рота жөнөтүлүп, козголоң бастырылган. Козголоңдун жетекчилери качып кетишкен. [6, с.38-40] Дмитриевка кыштагы Совет бийлигине каршы козголоң уюштургандыгы үчүн 600000 рубль акча, 450 ат жана нан атайые комиссия тарабынан контрибуция катары чогултулуп алынган. [6, с.38-40] Дмитриевка козголоңун жергиликтүү кулактардын Совет бийлигинин аскердик коммунизм, реквизиция, конфискация сыяктуу саясатына каршы протести катары баалоого болот.

Дмитриевкадан кийин Кыргызстандын түндүгүндө Совет бийлигине каршы масштабдуу козголоң 1918-жылы декабрь айында Пишпек уездинин Беловодск (Ак-Суу) кыштагында болуп өткөн. Беловодск козголоңу саясий, экономикалык, социалдык абалдардын курчушунун натыйжасында келип чыккан. 1918-жылы 4-декабрда кабыл алынган чечим козголоңдун чыгышынын акыркы чекити болгон. Бул чечимге ылайык солчул эсерлер кызматтан ордуларынан бошотулуп, бийликти эсерлерден тазалоо иш чарасы өткөрүлө баштаган. Пишпек уездинин социал революционер партиясынын өкүлдөрү Агафонцев, Романенко, Молода, Благодаренко кызматтан алынган. [4, с.39] Кээ бир эсерлер саясий жактан күнөөлөнүп камалган. Пишпек уездинин Депутаттар Советинин мындай саясатына каршы эсер партиясынын өкүлдөрү Совет бийлигине каршы контрреволюциялык күчкө айлана башташкан. Эсер партиясынын өкүлдөрү эл арасында кадыр-баркка ээ болгондуктан, алардын бийликтен четтетилиши саясий чыңалууну жараткан. Натыйжада 1918-жылы 7-декабрда Беловодск кыштагында наразычылык митинги уюштурулган. Митингдин башында Благодаренко турган жана Элдик Совет түзүлгөн. [10, с.18] Благодаренко митингчилердин атынан Пишпек Аткаруу комитетине эсер партиясынын таануу, Беловодск кыштагын Автономиялуу уезд катары түзүү, саясий күнөө менен камалгандарды бошотуу, аскерлерди алып чыгып кетүү талаптарын телеграмма менен билдирген. Пишпек Аткаруу комитети митингчилерге эсер партиясы таанылат, камакка алынгандар жок, уезд түзүү муктаждыгы жок, согуш аракети жок болсо аскерлер алып чыгарылат деген жоопту берген. Бирок мындай жооп козголоңчуларды токтоткон эмес. [4, с.82] Беловодск козголоңунун учкундары Пишпек уездинин Садовой, Александровка, Кара-Балта, Ново-Троицк, Благовещенка, Вознесеновка, Черная Речка, Успеновка, Касык, Григорьевка ж.б кыштактарына тараган. [15, с.30]

Көтөрүлүшчүлөр Военно-Антоновка аркылуу Пишпекке түштүк бөлүгүнөн жыла башташкан. М.В. Денисюк жана Нагибин жетекчилигинде Кызыл Армия аскерлеринин каршылыгына карабастан Сокулукту ээлешкен. Агафонцев жетекчилигинде 300 атчан Дунгановканы ээлеп, андан соң Пишпекке чабуул койгон. 14-декабрда М.В. Денисюк менен Нагибиндин отряды жардамга келип, айыгышкан күрөштө Агафонцев каза тапкан. 16-декабрда көтөрүлүшчүлөр Попеновка айылын ээлешкен. Көтөрүлүштү басуу үчүн Я. Н. Логвиненко жетекчилинде 1 Пишпек полку жана артынан Жети-Суу армиясынын башчысы Л. П. Емелев жөнөтүлгөн. Полк 27-декабрда согуштук аракетке киришип, 1-январь 1919-жылы көтөрүлүштү толугу менен баскан. [13, с.273] Көтөрүлүштүн жыйынтыгында Кызыл Армиянын аскерлеринен биринчи документтин маалыматы боюнча 39, экинчиде 43, үчүнчүдөн 48 адам өлгөн. Ал эми көтөрүлүш чыгаргандардын

жоготуусу Кызыл Армиянын аскерлеринен он эсе көп болгон. Козголоңдун жетекчиси Благодаренко 1925-жылы өз каалоосу менен колго түшүп, 5 жылга эркинен ажыратылган. [4, с.65]

Андан кийин Совет бийлигине каршы кулактардын козголоңу Пржевальск уездинде

башталган. Пржевальск уездинде Совет бийлиги 1918-жылдын ортосунда толугу менен орногон. Совет бийлиги орногондон кийин большевиктер бийлигин чыңдоо максатында активдүү иш алып бара башташкан. 1919-жылы 19-июнда Жети-Суу Эл Комиссарлар Совети тарабынан Совет бийлигин бекемдөө жана кулактар менен күрөшүү телеграммасы келген. Пржевальскка Павлов жетекчилигинде отряд кулактарды жоюу жөнөтүлгөн. [11, с.53] Мындай иш чаралар кулактарды тынчсыздандырган. 1919-жылы июль айында Пржевальскта аскердик күчтөр Копалда, Нарын-Колдо, Беловодскта согуш аракетинде жүрүшкөн. Мындай жагдайдан пайдаланып, Түп кыштагынын кулактары 1919-жылы июлдун башында Совет бийлигине каршы козголоңго даярдык көрө башташкан. Түп, Покровка, Сазановка ж.б кыштактардын кулактары жашыруун чогулуш өткөрүп, Кулжадан ак гвардия офицери Демченкону 50 аскери менен чакыруу чечимин кабыл алышкан. [14, с.298] 1919-жылы 20- июлда 600 дөй козголоңчу Пржевальск шаарына чабуул коюшкан. Шаарды коргоо үчүн ыкчам түрдө Аскердик Революциялык Совет түзүлгөн. [9, с.7] Козголоңчулар менен тирешүү

5 күнгө созулган. 1919-жылы 25-июлда Почкалов, Кравцовдун отряды козголоңчуларды баскан. Козголоңго катышкан кулактар башаламан туш-тарапка, ал эми Демченко отряды

менен Кытайга качышкан. Козголоңдун жыйынтыгында Кызыл Армия аскерлеринен 2 адам курман болгон. Талаа сотунун чечими менен Түптө 12, Покровкада 15 адам өлтүрүлгөн. Түптө мындан дагы көп адам өлтүрүү болгон. Аскердик талаа сотунун аеосуз жазалоосуна каршы элдер нааразычылык иретинде Верныйга кайрылышкан. 1919-жылы 29-августта Верныйдан Аскердик Талаа сотунун ишмердүүлүгүн токтотуу жана ишти уезддик тергөө комиссиясына, ревтрибуналга берүү көрсөтмө берилген.[12, с.81] Түптөгү кулактардын Совет бийлигине каршы козголоңунун эң башкы себеби аларды тап катары жоюу жана конфискация саясаты болуп саналат.

Кыргызстандын түндүгүндөгү акыркы антисоветтик кыймыл Нарын козголоңу болгон. Нарын көтөрүлүшү Кыргызстандагы контрреволюционерлердин масштабдуу кыймылынын акыркы звеносу эле эмес, бүткүл Жети-Суудагы контрреволюциялык кыймылдын жыйынтыктоочусу катары тарыхый мааниге ээ.[3, с.147-148] Нарын уездинде Совет бийлиги 1918-жылдын апрель айларында орногону менен 1920-жылга чейин бекемделген эмес эле. 1920-жылы Совет бийлиги тарабынан алыскы райондордо бийликти чыңдоо максатында Нарын уездине Верныйдан партиялык кызматкерлер жөнөтүлгөн.[16, с.3] Нарын уездинде мурдагы бийликтин өкүлдөрүнө жана кулактарга каршы активдүү күрөш жүргүзүлө баштаган. Мындай иш-чаралар контрреволюциялык күчтөрдүн жанданышына жана Совет бийлигине кашы козголоңдун тутанышына себепкер болгон. 1920-жылы август айынан баштап Нарын уездинде кулактар Совет бийлигине каршы козголоңго даярдык көрө башташкан. Нарын козголоңунун уюштуруучулары Кызыл Армиянын 5-чек ара полкунун командири Кирьянов, 1-батальондун командири Демченко, Нарын күзөтчү ротасынын командири Хрущев, Нарын уездинин кулактары Бондарев,

Щетинин, Арабаджиев, Нарын ревкомунун кызматкери Васильев, Абдрахманов ж.б. болгон. 1920-жылы 5-ноябрда чек арада турган Кызыл Армиянын 5-полкунун 1-батальону Кирьянов жетекчилигинде Ат-Башыга келген. Алар Ат-Башыда козголоң баштап, аскердик комиссарларды жана партия кызматкерди камакка алышкан.

Козголоңчулар Нарынга жөнөшкөн. [8, с.1] Нарын шаарында козголоң 1920-жылы 6-ноябрь түн ичинде башталган. Кирьянов 150 аскери менен Демченконун аскерлери биригип, Кызыл Армиянын 23-полктун 1-батальону менен кагылышкан. 23-полктун командири Безымянный 42 аскери менен колго түшкөн жана партия кызматкерлери камакка алынган. Ошентип Нарын уездинде бийлик козголоңчулардын колуна өткөн. Бондарев жетекчилигинде Земская Управа жана Оперативдик штаб түзүлгөн. Козголоңчулар Нарын уездинде Совет бийлигин жоюп, анын декреттерин жокко чыгарып, соода эркиндигин жарыялашкан. Мурдагы волост башчылары, жергиликтүү манаптар кызматташтыкка чакырылган. Совет бийлигине каршы козголоңго Казы Чоко [7, с.5]( кээ бир маалыматтарда Газиев Чоко[17, с.13]), Эсенгул, Абдылда, Кулчун сыяктуу жергиликтүү манаптар көмөк көрсөтүшкөн. Козголоңчулар 1920- жылы 9-ноябрда Кочкорго карай жөнөшкөн, андар ары Токмок, Пишпекке багыт алууну пландашкан. Козголоңду бастыруу үчүн Дубовицкий, Саадаев жана Кулешов жетекчилигинде атчан Түркмөн полку жөнөтүлгөн. Козголоңду ликвидациялоо согуш аракетин Чичасов жетектеген. Козголоңчулар менен эң чоң беттешүү Орто-Токойдун өрөөнүнүн чыга бериши, Кочкор өрөөнүнүн кире беришинде болгон. Козголоңчулардын саны 1000 ге жеткен, төрт сааттык айыгышкан салгылашта козголоңчулар жеңилип туш-тарапка кача баштакан. Бул кагылышта Кирьянов колго түшкөн, көптөгөн козголоңчулар өлтүрүлгөн. [7, с.11] Козголоңчулар Нарын революциялык аскердик трибунал тарабынан катуу жазаланышкан. 1921-жылы 30-мартта Түркстан фронтунун аскердик трибуналы тарабынан Кирьянов жана 93 адамга атуу жазасы берилген. [16, с.42] Нарын уездинде Совет бийлигине каршы козголоңу Пишпекке жортуул жасоо менен Совет бийлигин жоюу максатын көздөгөн. Бирок козголоңчулардын мындай ой тилеги ишке ашпай, чоң жоготуулар менен Кытайга качууга мажбур болушкан. Жыйынтыктап айтканда Кыргызстандын түндүгүндөгү Дмитриевка, Беловодск, Түп, Нарын козголоңдору саясий, экономикалык, социалдык себептердин натыйжасында келип чыккан жана Совет бийлиги тарабынан аёсуз бастырылган.

Пайдаланылган булактардын тизмеси

1. Абылгазиев В.Крах политического бандитизма(на материалах Киргизии).- Фрунзе, 1984

2. Буттино М. Революция наоборот. Средняя Азия между падением царской империи и образованием СССР. – Москва,2007

3. Джамгерчинов Б. Нарынский мятеж.// Труды института языка, литературы и истории, 1944

4. Джон А.А. Дунгане и Беловодское восстание 1918 года в Пишпекском уезде. – Бишкек, 2009

5. Жантуаров Б. Гражданская война в Киргизии.-Фрунзе,1963 6. КР БМА. Ф. 1283, Оп. 1, Д.44

7. КР БМА. Ф. 1283, Оп. 1, Д.7

8. КР БМА. Ф. 1283, Оп. 1, Д.93

9. КР БМА. Ф.1283, Оп.1, Ед.Хр. 82

10. КР БМА. Ф.1283,Оп.1,Д. 67

11. КР БМА. Ф.15, Оп.1, Ед.Хр. 453

12. КР БМА. Ф.729, Оп.1, Д.1

13. КР СД БМА Ф. 391,Оп.5,Ед.хр.2, Л.273/ Швец-Базарныйдын эскерүүсү

14. КР СД БМА Ф. 391,Оп.5,Ед.хр.2, Л.298/ И.Я.Терно, М.Н.Чернов, Я.Н. Чичасовдун эскерүүсү

15. Кутарева В. Основные этапы гражданской войны в киргизии 1918-1920. -Фрунзе, 1947

16. Рук.Фонд АН КР. 5033/Воспоминание Ибрагимов Мухаммед-Яр

17. Рук.Фонд АН КР. 5035, Л.13/Воспоминание М.Янгулатов

18. Узбеков С.У. Северная Киргизия в период гражданской войны (1918-1920)-Фрунзе,1973

19. Чокушев Б. Классовая борьба в киргизских аилах (1918-1932-гг).-Фрунзе, 1990

Рецензенттер: Алтымышова З. – PhD, Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин доценти

Асанов Т.И. – тарых илиминин кандидаты, Ж. Баласагын атындагы КУУнун доценти